# К. Ибраималиев атындагы Күрпүлдөк орто мектебинин

# 2018-2019- окуу жылында социалдык педогогдун аткарган иштеринин жылдык

# А Н А Л И З И

Окуу жылынын башында социалдык педогогдун планы түзүлүп директор тарабынан бекитилди.

Сентябр айында 1-11-класстардын социалдык абалы иликтенип ар бир класстын социалдык паспорту түзүлдү. Жарым-жетим балдар 4 окуучу, көп балалуу үй-бүлөө 3 андан 12 окуучу катталды, толук эмес үй-бүлөөдөн 28 окуучу, аз камсыз 2 үй-бүлөө такталып андан 2 окуучу, эмгек мигранттарынын балдарынан 16 окуучу катталып алар чоң ата, чоң эне, тай ата, тай энелеринин колунда калганы такталды. Авганецтердин балдарынан 1 үй-бүлөөдөн 2 окуучу, бала кезден майып 1 окуучу, ал 5-класстын окуучусу Сагынбеков Айбек. Бул балдар жөнүндө тийиштүү документтер, медициналык справкалар алынды. Мектепте жетим балдар жок.

2018-2019-окуу жылына кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ИДН инспектору Джумагулов Марлинс менен бирдикте иш план түзүлүп, атайын Панфилов райондук ИИБ тарабынан бикитилген иш график менен тартип бузуулардын алдын алуу боюнча профилактикалык иштер жүргүзүлүп келет. Андан тышкары инспектордун сүрөтү менен аты, жөнү жазылган баракча балдардын көз алдына илинип, райондук ички иштер бөүмүнүн балдар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу ишчаралары, ЮДМ иштери, ИДН иштери боюнча пландар илинген, атайын "Менин укугум" бурчу уюштурулду. ИДН кызматкери Джумагулов Марлинстин катышуусу менен ата-энелер чогулушу 1 жолу өткөрүлдү. Балдар арасында суидцид, рекетизм боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, анын негизинде учетко алуу иштерине түшүнүк берди.

Окуучулардын ден соолугуна кам көрүү жана кылмыштуулуктун алдын алуу максатында "Өспүрүмдөр арасына өз өмүрүнө кол салууну. Өспүрүмдөргө карата сексуалдык мүнөздөгү, сууда чөгүү факторлорун болтурбоо жана алдын алуу" боюнча ата-энелер чогулушунда түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, ата-энелерге өз балдарына сак болуулары эскертилди. 8-9-класстар арасында "Тамекинин ден соолукка кандай зыяны бар" деген темада лекция өтүлдү.

Өз өмүрүн кыюунун жана эрте турмушка чыгуунун кылмыштуулугунун алдын алуу максатында 8-9-10-11-класстар арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Жаңы жылдык балатыны өткөрүүдө жардыргыч заттардын зыяндуулугу жана аны колдонбоо тууралуу түшүндүрүү иштери 1-11-класстардын класс жетекчилери менен бирдикте жүргүзүлдү. Жаңы жылдын алдында 29-декабрга губернатордук балатыга социалдык абалы боюнча 5 окуучу жолдомо алып, Нуралиев Нурислам, Аманалиева Анарбек, Үсөналиев Бактияр, Жекшенбеков Кадыржан, Анарбеков Иманбек барып келишти.

2-жарым жылдыкта Айыл өкмөт менен бирдикте тартип бузуулар жана окуучулардын социалдык абалы такталып, документтер каралды. Балдар арасындагы

суидцидди алдын алуу максатында "Суицид - өз жанын кыйууга арналган терс көрүнүш" деген темада ИДН кызматкери Джумагулов Марлинс 8-9-10-11-класстар арасында аңгемелешүү жүргүздү. Ал эми соц. педогог "Жан кечтилик тамыры кайдан келип чыгат?" деген темада 5-6-7-класстар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүздү. ТСОнун жардамы менен.

Үй-бүлөөлүк зордук зомбулукту алдын алуу жана балдарды коргоо максатында окуучулардын үйлөрүн кыдырып эмгек мигранттарынын балдарынын үй-шарты, социалдык абалы текшерилди. Ал эми класс жетекчилер "Үй-бүлөдө зомбулук жок", "Зордук-зомбулуксуз жашоо" деген темаларда класстык сааттарды өтүштү.

Тартиби начар балдар класс жетекчилер тарабынан ийримдерге тартылып турат. Жыл ичи сабакты өтө көп калтырган балдар болгон жок. Бир гана 8-класстын окуучусу Адамбек кызы Жазира 1-чейректе сабакка 21 күн себепсиз келбей калтырганынан ата-энелер чогулушунда жана класстык чогулушта каралып, ИДН инспектору Джумагулов Марлинс менен бирдикте ата-энеси менен сүйлөшүү жүргүзүп, ата-эненин милдеттери түшүндүрүлүп, окуучу мектепке келип жатат. Тобокел тобуна кирген окуучу бул окуу жылында катталган жок.

Мектеп директору: Осмонкулова Б.А.